**Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Майлуу-Суу колледжинин 2022-2023-окуу жылы боюнча отчету**

**Окуу иштери**

ЖАМУнун Майлуу-Суу колледжинде 19 (он тогуз) штаттык окутуучу жана 8 (сегиз) көмөкчү окутуучу эмгектенет. 2022-2023-окуу жылында эсептөө жана бөлүштүрүү сааттары бөлүнүп, окуу жылынын башынан бекитилген окуу процессинин графиги боюнча окуу-иши жүргүзүлдү жана окуу процесси төмөнкүдөй аткарылды:

| № | Окуу бөлүмү | I –ж/ж | | | II –ж/ж | | | жылдык | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | План | Аткар. | % | План | Аткар. | % | План | Аткар. | % |
| 1. | Бюджет | 5906,8 | 5602,3 | 94,8 | 6113,3 | 6503,3 | 107 | 12076,1 | 12105,6 | 100.2 |
| 2. | Контракт | 2867,5 | 2620 | 91,3 | 2441,4 | 2487,4 | 101,8 | 5096,2 | 5107,4 | 100.2 |
| 3. | Баары | 8774,3 | 8222,3 | 93,7 | 6554,7 | 8990,7 | 106,2 | 17172,3 | 17213 | 100.2 |

Окуу сааттардын 0,2 % ашыкча аткарылуусунун себеби студенттердин кыймылы.

Күндүзгү жана сырттан окуган тайпаларга тайпалык жана баллдык журналдар даярдалып, ачылды. Жаңы кабыл алынган студенттер үчүн студенттик окуу баракчалар, студенттик, окурмандык билеттер жана сынак китепчелер даярдалды. 2022-2023-окуу жылында студенттердин күндөлүк сабакка катышуусу төмөнкүдөй болду:

| № | Окуу тайпасы | Биринчи жарым жылдык, % |
|---|---|---|
| 1 | Э-1-22 | 80,7 |
| 2 | БАС-1-22 | 72,2 |
| 3 | БКМ-1-22 | 67,4 |
| 4 | РНГ-1-22 | 59,8 |
| 5 | Э-1-21 | 63,6 |
| 6 | БКМ-1-21 | 70,9 |
| 7 | БАС-1-21 | 71,8 |
| 8 | РГН-1-21 | 42,4 |
| 9 | Э-1-20 | 60,2 |
| 10 | БАС-1-20 | 55,7 |
| 11 | БКМ-1-20 | 59,4 |
| 12 | РГН-1-20 | 43,3 |
| | Баары: | 62,2 |

Бекитилген биринчи жана экинчи окуу жылынын жадыбалы боюнча окутуучулардын үзгүлтүксүз сабак өтүүсүн көзөмөлдөп жана жадыбалга керектүү өзгөртүүлөр өз убагында коюлуп жатты. Майлуу-Суу колледждин №2НК статистикалык отчету даярдалып шаардык, областтык статистика бөлүмүнө жана ЖАМУга тапшырылды.

2022-2023-окуу жылында: Э-1-20 тайпасында – 21, Э-2-20 тайпасында-7, БАС-1-20 тайпасында - 20, БАС – 2 – 20 тайпасында - 14 жана БКМ-1-20 тайпасында – 18, БКМ-2-20 тайпасында – 14, РНГ – 1-20 тайпасында - 12 бүтүрүүчү сабактар аралык мамлекеттик аттестацияны ийгиликтүү тапшырды. Жалпысынан - 106 бүтүрүүчү колледжди аяктады.

Артыкчылык диплом менен БАС-1-20 тайпасынан -1, Э-1-20 тайпасынан – 1. БКМ-1-20 тайпасынан-3 бүтүрүүчү ээ болду.

**Окуу-усулдук иштери.**

2022-2023-окуу жылына окутуучуларга окуу жүктөмдөрү бөлүнүп. жекече окуу-иш пландары жана жумушчу пландары түзүлүп, окуу бөлүмдүн отурумунда бекитилди. ЖАМУнун алдындагы ОКОЖдордун студенттеринин билимин баалоонун модулдук-рейтингдик системасынын жобосуна ылайык окуу процесси жүргүзүлдү.

МАКка чыгарылган сабактардын тизмеси аныкталып. программалары иштелип чыкты. МАКтын төрагасы жана курамы аныкталып педагогикалык кеңешмеге сунушталды. Курстук иштеринин темалары жана сабактар аралык мамлекеттик экзамендин тесттери. кышкы жана жайкы сессиянын зачёттук суроолору жана экзамендик билеттер даярдалып бөлүмдүн отурумунда каралды. Жалпысынан жылдын башында түзүлгөн иш-план боюнча жумуштар аткарылды жана бөлүмдүн отурумунда талкууланып тийиштүү деңгээлде аткарылгандыгы белгиленди. Усулдук кеңешмеге жана семинарларга окутуучулар активдүү катышып жатышты.

**Уюштуруу иштери.**

Окутуучулар окуу кабинеттерин эстетикалык жасалгаларын жана алардын санитардык абалын көзөмөлдөп турушту. Бекитилип берилген территорияларды санитардык тазалоону аткарышты жана таза абалында кармашты.

**Тарбия иштери.**

Кураторлор окуу жылдын башында тарбиялык пландарын түзүп анын негизинде ата-энелер менен тыгыз байланышта болушту. Ар кандай тарбиялык темаларда кураторлук сааттар уюштурулду. Укук коргоо, диний жана медициналык кызматкерлери менен студенттердин ортосунда жолугушуулар болду. Шаардык жана колледждик ишембиликтерге кураторлор активдүү катышышты.

## Окуу- усулдук жана илимий иштери боюнча отчет

**1. Окуу- усулдук иштер:** 7 окуу- усулдук Кеңешме жана 2 семинар өткөрүлдү.

Кеңешмелерде:

-1.Окуу- усулдук, инновациялык илимий-усулдук иш пландарды кароо. макулдашуу;

2. Жеке иш план боюнча реалдуу иш жүргүзүү максатында толтуруу;

3. Практикага тиешелүү иш кагаздары жана практикадан өтүү тартиби.

-1. Кесиптик квалификацияны жогорулатуу маселелери;

2. Окутуучулар жамаатынын предметтик байланыштары;

3. ЖАМУнун "100 жылдыкка 100 иш чара" долбоорунун жыйынтыгы.

-1. Жылдын жыйынтыгына карата эмгектерди жаратуу;

2. Ийримдердин ишин күчөтүү;

3. I жарым жылдыктагы ачык сабактарды сапаттуу, талапка ылайык өткөрүү.

-. Кышкы сессиянын жыйынтыгын чыгаруу максатындагы аракеттер;

2. Ош шаарындагы "Жумуш орундарында окутуу" **семинары** тууралуу талкуу. сунуштар;

3. Ар түрдүү маселелер:
1). "Мунайзат жана газ чыккан жерлерди эксплуатациялоо жана иштетүү" адистиги боюнча даярдануунун сапаты.
2). Конференцияларга катышуу.
-1. Кышкы сессиянын жыйынтыгын чыгаруу маселелери;
2. Окуу- усулдук, илимий- усулдук иштердин аккредитациядагы орду;
3. Ар түрдүү маселелер:
1). "Көмүскөдөгү" студенттердин көйгөйлөрүн чечүүдөгү аракеттер.
2). Окутуучулардын кесиптик жана жеке адамдык жоопкерчиликтүүлүк сапаттарынын интеллектуалдык деңгээлдеринен билим, тарбия сапатынын көз карандылыгы.
-1. Окуу иштерин жүргүзүүнүн негиздери – жоболор, аларга таянган иш пл-р. (Тойчубекова Г.Ж.) - 100 ж-ка карата МСКда окутуучулар арасында кароо- сынакты уюштуруу ( Султанкулов М.Д.) 2. Окуу- усулдук, ил-й- усулдук эмгектер – кызм-к милдеттерибиздин далилдери (Осунбеков С.С.)
3. Ар түрдүү маселелер:
1). Конференциялар боюнча иш- аракеттер;
2). Кароо- сынактардын ЖОБОлору менен таанышуу, бекитүү.
3). Каралган маселелер боюнча окутуучулардын пикирлери.
-1. Окуу- усулдук , илимий- усулдук эмгектерди электрондук каттоо жолдору (Тойчубекова Г.Ж.)
2. МСКда "Майлуу-Суу колледжинин мыкты окутуучусу" кароо- сынагын уюштуруу;
3. Ар түрдүү маселелер:
1). КР ББ жана Илим министрлигинин секторду өнүктүрүү программасы: "Инклюзивдик өнүгүү үчүн көндүмдөр" Тема: "Орто кесиптик билим берүү системасындагы окутуучулардын квалификацияларын жогорулатуу программаларын эффективдүү реализациялоо маселелери" (Осунбеков С.С., Усувалиева Г.М.) .
2). Студенттердин олимпиадасын өткөрүү ж-дө (Султанкулов М.Д., окуу иштери б-ча директордун орун басары, сапат комиссиясынын төрагасы)
3). Кесиптик кошундун төрагасы, Р.А. Ортикбоевдин маалыматы.
-1. Окуу- усулдук , илимий- усулдук иштердин жүрүшү боюнча маалымат (Тойчубекова Г.Ж.)
2. МСКда студенттердин предметтик олимпиадасын жана "Мыкты окутуучу- 2023" кароо- сынагын өткөрүүгө кошумча маалыматтар (Осунбеков С.С.)
3. Ар түрдүү маселелер: социалдык өнөктөштөр менен жолугушуудагы темалардын жана адистикке даярдоо практикаларынын илимий- усулдук иштерге байланышы. (Урустамова А.М.)
-1. Окуу- усулдук , илимий- усулдук иштердин жүрүшүн баалоо (Тойчубекова Г.Ж.)
2. Окуу- тарбия иштерине АӨБ тарабынан уюштурулган семинарлардын усулдук жана илимий жактан өнүгүүгө жардамы (**Семинардык темалар.** Султанкулов М.Д., Шадыева З. )
3. Ар түрдүү маселелер:
1). Окутуучулардын усулканага тапшырылган окуу-усулдук жана илимий- усулдук эмгектерин кароо, башка басмаларга сунуштоо (Окутуучулардын пикирлери);
2). Акыркы маалыматтар (Осунбеков С.С., Курманбекова Г.Н., Усувалиева Г.М. ж.б.каалоочулар)сыяктуу маселелер каралды. Акыркы талаптар боюнча тиешелүү усулдук көрсөтмөлөр жалпы окутуучулар жамаатына, жекеме- жеке, бир нече жолу эскертилип берилип турду.Стартап, предметтик ийрим жана квалификацияны жогорулатуу багытындагы

маселелер айтылып жатты. Айрымдары чечилип, өзгөрүлүүдө жана аткарылууда.

Усулчу 24 сабакка катышып, ар бир окутуучуга тиешелүү кеңештер берилди. Учурда САПАТка өзгөчө көңүл бурулуп, бирок биздин окутуучулар жамаатыбыздын көпчүлүгү ЖООПКЕРЧИ-ЛИКТерин учурунда аткарышпай, бардык багыттагы (*кайтарым байланыштар*) отчеттер кечигүүдө. Отчеттуулук арифметикалык эсепке байланыштуу болгондуктан, иш жүргүзүү татаалдашууда.Убакытты баалабай өткөрүп, чыгармачылдык сапаттарыбызды, жөндөмдөрүбүздү начарлатып, натыйжалуу иш алып барууну ирээтке сала албай жатабыз. Көзөмөл начар.

**Усулдук иштер боюнча тескөөчү тарабынан** предметтик олимпиада жана "Мыкты окутуучу"- кароо- сынагы өткөрүлдү. ББИ министрлигинин жана ЖАМУнун жоболорунун негизинде МСКнын окуу- усулдук жана циклдык комиссиялардын иштөө жоболору түзүлүп. предметтик циклдык комиссиялардын жетекчилерине, тиешелүү окутуучуларга берилген. ББИ министрли-гинин стандарттарыны маани берип, талапка ылайык иштөөгө машыгуубуз зарыл.

**2. Илимий- усулдук иштер боюнча маалыматтар.**

**Окутуучулардын илимий- усулдук иштери боюнча** усулчу тарабынан маалыматтар **(07.09.2022-жыл) берилип,** ар биринин предметтик жана тарбиялык проблемаларынын темалары аныкталып, алардын үстүнөн иштөө гана калган. Байгозу у. Сапар жана Ортикбоев Р.А. **ЖАМУдагы коференцияларда** предметтик проблемаларынын үстүнөн иштеп жаткандыктарын далилдеп келишти, улантышса болот.Куратор катары,тактык м-н предметтик байланышты күчөтүп, тарбиялык багыттагы иштеринин үстүнөн бардык кураторлор чыгармачылык менен жигердүү аракеттенишип. мамилени жандандырышса. студенттердин сабактарга катышуусу жакшырып, жетишүүсүнөн билинерин билебиз. Фактылуу маалыматтарга таянып, реалдуу маалы-маттар менен баяндамаларды жазсак болот. Аспирантура багытына кызыккан окутуучуларыбыз бар.

**Илимий иштерге жооптуу тарабынан аткарылгандар:** - МСКда 2 **конференция өткөрүлдү:** 1). 24.10.2022, "Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук". 2). 05.12.2022, "Таза коомдун жаштары улуу инсандарыбызды эстешет!"- темаларында даярдалып. Г.Н.Курманбекова, Э.М. Усувалиева жана С.Т.Энезаровалардын б.а.3 гана окутуучунун студенттери баяндамалары менен катышышты. - **Сырттан 3 конференцияга бардык:** 1). **15.12.2022, Кочкор- Ата** колледжине

1 окутуучу, 4 студент, Т.А.Мырзасапарованын 1, Г.Ж.Тойчубекованын 3 студенти катышып, дипломдор менен келишти. Г.Ж.Тойчубекованын "Заманбап усулдук технологиялардын артыкчылыктары жана көйгөйлөрү" аттуу темадагы баяндамасына да **Диплом** ыйгарылды. 2). **24.02. 2023, ЖАМУда** 1 окутуучу, 4 студент: Т.А.Мырзасапарованын 1, Г.Ж.Тойчубекованын 3 студенти катышып, 2 студент III даражадагы **Диплом**дорго ээ болушса, Байгозу у. Сапар агайыбызга II даражадагы **Диплом** ыйгарылды. Калгандарыбызга катышканыбыз жөнүндө сертификаттар берилди.3). **31.05.2023, ЖАМУда** 1 окутуучу. 6 студент: Г.М.Усувалиеванын 1,

С.Т.Энезарованын 1, Г.Ж.Тойчубекованын 4 студенти актуалдуу темалардагы баяндамалары менен катышышты. 3 студенттин баяндамалары жана Г.Ж.Тойчубекованын "Заманбап технологияларды колдонуудагы өзгөрүүлөр" аттуу баяндамасы сертификаттарга татыктуу болду. Конференцияларга катышууга кызыккан студенттер көп, аларды жетектеп. системалуу иш алып барuубуз керек.

**Майлуу-Суу колледжинин 2022-2023- окуу жылдагы маданий-массалык иштеринин отчету**

✓ Майлуу-Суу колледжинин 2022-2023-окуу жылынын 1-сентябрь жаңы окуу жылын баштап, окутуучулар, студенттер менен биргеликте билим күнүнө карата салтанаттуу линейка өткөрүлдү. Ар бир тайпаны кураторлору менен тааныштырып, аудиторияларга кирип, кураторлор "Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы" жылына карата "Мекенибиз Кыргызстан эгемендүүлүк жолунда" деген темада кураторлук сааттарды өтүштү.

✓ 2022-2023-окуу жылына иш пландар түзүлдү. Ошондой эле кураторлор да пландарын түзүп , пландарын бекитишти. Жаштар уюмунун жаңы мүчөлөрү түзүлдү. Жатаканага студенттерди жайгаштырып, жатакананын тартиби менен тааныштырып, түшүндүрүүлөр жүргүзүлдү.

✓ 18-сентябрь Баткен согушундагы катышкан жоокерлерди эскерүү күнүнө карата митинг өткөрүлдү , ага администрация жана 10 студент катышышып, эстеликке гүл чамбарлар коюлду.

✓ 20-сентябрь балдар жыйыны болуп өттү.

✓ 23-сентябрь Кыргыз тили мамлекеттик тил болуп түзүлгөнүнө 32 жыл толгондугуна карата 23-сентябрь күнү шаардык масштабда Маданият үйүндө өткөрүлгөн иш-чарага МСКнын студенттери К.Тыныстановдун "Жаңыл Мырза" поэмасынан үзүндү аткарышып, активдүү катышышты. МСКнын маданият залында 24-сентябрь "Мамлекеттик кыргыз тилинин 32 жылдыгы" деген темада салтанаттуу иш чара өткөрүлдү. Жоопту кыргыз тили окутуучу Э.М.Усувалиева болду.

✓ 22-29–сентябрь вакцинациялоо жүргүзүлдү.

✓ 1-октябрь Шаардын имамы, Мэриянын жаштар жана спорт иштери боюнча кызматкери, Майлуу-Суу шаарынын эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгынын өкүлү, Майлуу-Суу шаардык ШИИБнин кызматкерлери менен МСКнын окутуучулар жана студенттери менен биргелешкен жолугушуу өткөрүлүп, үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун алдын алуу, балдардын тартиби , сабакка болгон аракети, көп тарбиялуулукка үндөөлөр жүргүзүлдү.

✓ 1-октябрь "Улгайган адамдарга көңүл буруу жана камкордук" атуу акциясынын негизинде Майлуу-Суу колледжине бекитилип берилген 8 улгайган адамдарга материалдык жана моралдык жардам көрсөтүлдү.

✓ 5-октябрь "Мугалимдер күнү" майрамы уюштурулуп өткөрүлдү. Жооптуу- Г.М.Усувалиева БАС 1-20 тайпасы менен биргеликте уюштурулду.

✓ 8-октябрь Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин өкүлдөрү менен МСКнын окутуучулар жана студенттери менен биргелешкен жолугушуу жыйыны өткөрүлүп, сел апааты, селден сактануу жолдору, селден кийинки иш-чаралар. Радиация. Анын кесепеттери. Өрт коопсуздугу, өрттүн келип чыгышы, алдын алуу жана өрт коопсуздугунан сактануу жолдору боюнча баяндамаларды жүргүзүлдү.

✓ 8-октябрь күнү шаардын стадиондо МСКнын тайпалары аралык балдар жана кыздар кичи футболу болуп, алдыңкы орундарды ээлеген студенттер дипломдор жана акчалай сыйлыктар менен сыйланышты. Уюштуруучу дене тарбия окутуучусу Токтобаев М.Е. болду.

✓ 22-ноябрь "1-декабрь ВИЧ-СПИДке каршы күнүнө" карата дарыгерлердин студенттер жана окутуучулар менен биргеликте жолугушуусу өткөрүлүп , түшүндүрмөлөр берилди, ошондой эле кураторлук сааттар өткөрүлдү.

✓ 1-декабрь "Биз СПИДке каршыбыз" ураалы астында өткөрүлгөн жөө жүрүү акциясына окутуучулар жана студенттер активдүү катышышты. Атайын тематикада плакаттар

даярдалып, жөө жүрүү акциясында колдонулду. Майлуу-Суу шаардык Мэриясынын алдынан Маданият үйүнө келип, ал жерде докладдар окулду, спорттук оюндардан гиря көтөрүү, аркан тартмай, кол күрөш ж.б. оюндар уюштурулуп , жеңүүчүлөр акчалай сыйлыктарга ээ болушту.

✓ 6-декабрь Шаардык поликликасынын кичи залында болуп өткөн "Зордук – зомбулуктун алдын алуу" аттуу семинарына МСКдан Г.М.Усувалиева жана П.К.Алимова эжекелер активдүү катышышты.

✓ 7- декабрь күнү ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга колдоо көрсөтүү максатында "Биз биргебиз" аттуу иш-чарага бөлүштүрүлгөн тизме боюнча 12 адамга материалдык жана моралдык жардам көрсөтүлдү.

✓ "9-декабрь – Коррупцияга каршы күрөшүүнүн Эл аралык күнүнө" карата МСКда "Биз коррупцияга каршыбыз" урааны менен дубал гезиттер чыгарылып, докладдар окулду.

✓ 13-декабрь "Манас жана Айтматов ааламы " айлыгы ичинде "Манас жана Айтматов" аталышындагы илимий – практикалык конференция болуп өттү. Жооптуулар: Г.Ж.Тойчубекова жана Э.М.Усувалиевалар болушту.

✓ Ошондой эле 27-декабрь студенттердин бал маскарады "Кудайберген" ресторанында уюштурулуп өткөрүлдү. Жооптуу: Урустамова А.М., Мырзасапарова Т.А. жана студенттик парламент болду.

✓ 30-декабрь саат 10-00до жаш балдардын "балаты" майрамы. Ушул эле күнү коллективдин корпоративи "Олимп" кафесинде өткөрүлдү. Шаардык борбордук аянтта 18-00до шаардык "Жаңы жыл майрамын өткөрүү" кечеси болуп МСКнын студенттери активдүү катышышты.

✓ Жатаканага барып кабар алып, жатакананын тазалыгын, студенттердин тартиби боюнча сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп турду.

✓ Бөлүнгөн территорияларда ишембиликтер өткөрүлүп жатты.

✓ 2022-жылдын 15-февралында "Ооган" сверинде өткөрүлгөн Ооган согушунда катышкан жоокерлерди эскерүү митингине МСКнын администрациясы жана 10 студенти катышышты жана Ооган согушунда курман болгон баатырлардын эстелигинин алдына гүл коюлду. Ооган согушу жөнүндө кураторлук сабактар өтүлдү, слайддар көрсөтүлдү.

✓ 2023-жылдын 21-февралында Майлуу-Суу колледжинде Эл аралык Эне тил күнү белгиленип, аралыктан өткөрүлгөн шаардык салтанаттуу иш-мерчем боюнча бөлүнгөн казак ыры аткарылып, маалыматтар Майлуу-Суу шаарынын Мэриясынын жана маданият үйүнүн тийиштүү адистерине жөнөтүлдү. Ошондой эле, "21-февраль – Эл аралык Эне тил күнү" деген темада ар бир тайпаларда кураторлук сабактар өтүлдү.

✓ "23-февраль Ата Мекенди коргоо коргоо күнүнө карата" тайпалар аралык спорттук мелдеш уюштурулуп, өткөрүлдү. Командаларга дипломдор жана баалуу белектер тапшырылды.

✓ 27-февраль Майлуу-Суу шаарында өткөрүлгөн облаcттык кол күрөш мелдешине МСКнын сдуденттери активдүү катышып, РНГ-1-20 тайпасынын студенти Кубанычбек уулу Нуртилек 65кг. салмактагы атаандаштарын жеңип, 1-орунду ээледи. Диплом жана сыйлуу белектер менен сыйланды.

✓ "20-февраль – Бүткүл дүйнөлүк социалдык адилеттүүлүк күнүн" белгилөөнүн алкагында. бөлүштүрүлгөн тизме боюнча аз камсыз болгон үй-бүлөгө моралдык жана материалдык жактан жардам көрсөтүлдү.

| № | Ф.И.О | Сумма | Дареги | Тел.ном | Кол. Там |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | сы | | | г. |
| 1 | Сытанова Апелкан | 1500сом(бир миң беш жүз сом) | Строительная 18 | 0550735973 | |

✓ 3-март Майлуу – Суу колледжинде "3-март - Кыргыз Республикасынын мамлекеттик Туусунун кабыл алынгандыгынын 30 жылдык маарекесине" арналган "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик туусу" деген темада конференция өткөрүлдү. Кыргыз тил жана адабияты окутуучусу Э.М.Усувалиеванын жетектөөсү менен БАС 1-20 тайпасынын студенти Арстаналиев Дөөлөталы "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик Туусунун тарыхы" жана БКМ 1-21 тайпасынын студенти Азейитова Таңсулуу "Символикалардын мааниси" деген темаларда доклад окушуп, слайддарды көрсөтүштү. Студенттерге кураторлор "Желбиресин кыргызымдын желеги" деген темада куратордук сааттарды өтүштү. Майлуу – Суу колледждин алдында желек желбиреп турду. Ошондой эле мэриянын аянтында Кыргыз Мамлекттик Туусун көтөрүү аземине МСКнын администрациясы катышты.

✓ 5 –март Майлуу – Суу колледжинде "5-март - кыргыз элинин улуттук баш кийими болгон Ак калпак күнүнө" карата конференция өткөрүлдү. МСКнын методисти Г.Ж.Тойчубекова "Ак калпак" доклады жана өзү жетектеген БКМ 1-21 тайпасынын студенти Закиржанова Дамира "Ак калпактын жаш өзгөчөлүгүнө карата кийилүүсү", БАС 1-20 тайпасынын студенти Калмырзаева Мээрим "Ак калпактын жаралуусу" деген темаларда доклад окушуп, слайддарды көрсөтүштү. Студенттерге кураторлор "Кыргыз элинин улуттук баш кийими болгон Ак калпактын тарыхы" деген темада куратордук сааттарды өтүштү. Ошондой эле МСКнын агайлары жана студенттери ак калпак кийип, жөө жүрүү акциясына жана шаардык маданият үйүнүн алдында Ак калпак күнүнө карата өткөрүлгөн иш чарага катышышты.

✓ 8-март – Аялдардын Эл аралык майрамына карата сценарий түзүлүп. "Биз апам менен бактылуубуз" аттуу конкурс, концерттик программа болуп өттү. Майлуу-Суу шаардык маданият үйүндө болуп өткөн майрамдык салтанатка МСКнын жамааты катышып, ал эми студенттер тарабынан "Апакем" деген ыр жана испан бийи аткарылды. Ошондой эле администрация жана коллектив да жамааттагы аялдарга белектерди берип, жакшы каалоо тилектерди айтып куттукташты.

✓ Майлуу-Суу колледжинде кураторлор тарабынан коронавирус илдетине каршы эмдөө иштери боюнча 16 жашка чыккан студенттерге жана ата-энелерге вакцина алуу, гигиеналык эрежелерди сактоо жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө. Ошондой эле окутуучулар, кызматкерлер жана студенттер гигиенаны сактоо максатында антисептик жана дезинфекциялык каражаттар менен камсыз кылынууда.

✓ Майлуу –Суу колледжинин коррупцияга каршы түзүлгөн иш-чараларынын планына ылайык окутуучулар куратордук саатарды өтүшүп жана ата-энелер чогулушун өткөрүштү. Сессия учурунда коррупциялык схемаларга жол бербөө, көзөмөлдөө иштери жүрүп жатты. Студенттер арасында коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча анкеталык-сурамжылоо жүргүзүлдү. "Коррупциясыз Кыргызстан гүлдөп, өнүгөт" - деген ураан менен спорттук мелдеш уюштурулду. Студенттер арасында «Биз коррупцияга каршыбыз» урааны менен иш - чаралар өткөрүлдү, сүрөт конкурстары уюштурулду.

✓ 21-март – Нооруз майрамына карата ар бир тайпада кыргыз элинин каада-салты, үрп-адаттары, улуттук тамак-аш, суусундуктары, улуттук кийимдери, ыр-бийлери чагылдырылган "Салам сага, санжыралуу Ноорузум!" деген темада куратордук сааттар өтүлдү. Майлуу-Суу шаардык маданият үйүндө болуп өткөн майрамдык салтанатка МСКнын жамааты катышып, ал эми студенттер тарабынан "Жаз", "Нооруз" деген ырлар жана кыргыз, казак бийлери аткарылды. Ошондой эле майрамга карата уюштурулган кыргыз улуттук спорт оюндарына МСКнын студенттери активдүү катышышып, байгелүү орундарга ээ болушту.

✓ 24-март – Бүткүл дүйнөлүк кургак учук оорусу менен күрөшүү күнүнө карата жалпы дарыгерлер практикалык борборунун конференц.залында өткөрүлгөн семинарга МСКнын тиешелүү адистери катышышты. Ошондой эле кургак учук илдетинин симптомдору, оорунун алдын алуу, сакайуу жолдору жөнүндө Майлуу-Суу колледжинде медицина кызматкерлери менен жолугушуу семинары уюштурулду, суроо-жооптор жүргүзүлүп, викторина өткөрүлдү.

✓ 7-апрелинде Элдик революция күнүнө карата Майлуу-Суу шаарынын "Эрдик" скверинде М.О.Бостонбаевдин эстелигинин жанында өткөрүлгөн эскерүү митингине МСКнын жамааты катышып, революцияда курман болгон баатыр М.О.Бостонбаевдин эстелигине гүлсебет, гүлдестелер коюлду. Куратордук сааттарда "Апрель Элдик революциясы" деген темада лекциялар окулду.

✓ 19-апрель Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.Жапаровдун диний экстремизмге каршы аракет көрсөтүүгө бүтүмүн аткаруу боюнча студенттердин террористтик жана экстремисттик иш-аракеттерге азгырууларынын алдын алуу жана балдарга карата ырайымсыз мамиленин жана зомбулуктун, суициддин алдын алуу жана болтурбоо максатында Майлуу-Суу шаарынын имамы - Эркинбеков Абсатар ажы, Майлуу-Суу шаардык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгы, үй-бүлөөнү колдоо бөлүмүнүн башкы адиси – Мамадалиев Жоомартбек Шакирович, жашы жете электердин иштери боюнча улук инспектор – Джолдошбаев Бабурбек жана Жеңишбек уулу К.лардын катышуусунда окутуучулар жана студенттер менен жолугушуу өткөрүлүп, терроризм жана диний экстремизмдин кыйратуучу идеологиясынын маани-маңызы тууралуу кеңири маек куруп беришти.

✓ 23-апрель Шаардык маданият бөлүмүнүн кайрылуусунун негизинде шаардык китепканалардын материалдык базасын чыңдоо үчүн уюштурулган "23-апрель бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө" карата маданият үйүнүн алдында өткөрүлгөн марафонго активдүү катышып, көмөк көрсөтөлдү.

✓ 5-май Кыргыз Республикасынын Конституция күнүн белгилөө аземине МСКнын директору катышты. Конституция күнүнө карата ар бир тайпада куратордук саттар болду. "5-май Конституция күнү" кандай пайда болгону жана өлкөнүн баш мыйзамы боюнча студенттерге кеңири маалыматтар берилди.

✓ Улуу Ата-Мекендик согуштагы Жеңиштин 77 жылдык мааракесине карата өткөрүлгөн митингге жалпы жамаат катышып, концерттик программада МСКнын БАС 1-21 тайпасынын студенттери "Смуглянка" бийи менен катышышты. Улуу Ата – Мекендик согуштун ардагерлеринин эстелигине гүлдөр коюлду. "Өлбөс полкко" окутуучулар жана студенттер катышышты. Ар бир тайпада "Жеңиштин 77 жылдыгына карата" тематикалык куратордук сааттар болуп өттү. Улуу Ата-Мекендик согуштун ардагерлеринин жесирлерине моралдык, материалдык жардамдар көрсөтүлүүдө.

✓ Студенттерди жашоодогу баалуулуктардын бири катары эмгекке жана анын натыйжаларына жакшы мамиле кылууга тарбиялоо, ошондой эле өлкөнүн калктуу конуштарын жана билим берүү уюмдарын көрктөндүрүү деңгээлин жогорулатуу максатында, КРнын Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын 2022-жылдын 22-апрелиндеги №30-Т тескемесин, КРнын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы №1 "Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө" жана 2022-жылдын 31-январындагы №17 "2022-жылды Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы деп жарыялоо жөнүндө" Жарлыгына ылайык, Майлуу –Суу колледжинде жаштардын арасында коомдук пайдалуу эмгекке тартуунун маанилүүлүгү жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, окуу жайдын айланасын көрктөндүрүү максатында гүлдөр эгилип, суугаруу системалары талаптагыдай иштеп, бөлүнгөн аймактарды суугаруу иштери жүргүзүлүп жатат.

✓ 16-май күнү Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 23-апрелиндеги "Кыргыз Республикасынын Энелер күнүн белгилөө жөнүндө" жарлыгын аткарууга алып, "Энелер күнүнө" карата иш-чаралардын планы түзүлүп, аткарылууда. Ар бир тайпада кураторлук сааттар өтүлүп, Энелер күнүнө карата сүрөттөр колдонулду. Эмгеги сиңген "Энелер" темасында дил баян, жат жазуулар жаздырылып, Энелерге арналган поэзия, чыгармалар окулду.

✓ 3-июнь Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Майлуу-Суу колледжинин 57 жылдыгына карата иш-чара өткөрүлдү. Викторина катышуучуларына дипломдор жана баалуу жолдомо сертификаттар тапшырылды.

✓ КРнын Президентинин 2022-жылдын 22-апрелиндеги "Кыргыз элинин баа жеткис руханий мурасы – "Манас" эпосунун үчилтигин ("Манас", "Семетей", "Сейтек" эпосторун) ар тараптан изилдөө жана популярдаштыруу боюнча кошумча чаралар жөнүндө" Жарлыгына ылайык КРнын Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2022-жылдын 17-майындагы №37-т тескемесин аткаруу максатында Майлуу-Суу колледжинде "Кыргыз элинин баа жеткис руханий мурасы –""Манас" эпосунун кыргыз элинин турмушунан алган тарыхый орду жана анын бүгүнкү күндөгү мааниси" деген темада кураторлук сааттар өтүлдү. Биринчи курстар арасында "Манас" айтуучулардын сынагы өтүп, БАС 1-21 тайпасынан Анарбаева Аймээрим, Калмаматов Темирлан, БКМ 1-21 тайпасынан Эркинбекова Айзадалар жакшы бааларга ээ болушту.

✓ 16-июнда Майлуу-Суу шаарында болуп өткөн "Борбордук Азиядагы, фаза II уран калдыктары менен байланышкан көйгөйлөрдү чечүүгө кызыкдар тараптарды тартуу" долбоордун алкагында инвестициялык форумга МСКнын программисти Эшмирзаев Акматали МТ тарабынан кызмат көрсөттү жана проектор, ноутбук, экран жана 100 стул алып барылып, колдонууга берилди.

✓ Майлуу-Суу колледжинин эмгек жамааты жана студенттери жашылдандыруунун 3 айлыгына байланыштуу, айлана чөйрөнү тазалоо, көрктөндүрүү иштерин жүргүзүп жатышты, бөлүнгөн территориялардын арык каналдарын тазаланып, ийне жалбырактуу дарактар, гүлдөр отургузулду. Жатаканага барып кабар алып, жатакананын тазалыгын, студенттердин тартиби боюнча сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп турду. 2023-жылдын феврал, март, апрель айынын баштап аткарылуучу иш- чаралар. Советтик Армиянын Ооган жергенсинен чыгарылгандыгынын 34 жылдыгына карата митинге катышып келишти. Гүл чамбарлар коюлду. 21-февраль мекенди коргоочулар күнүнө карата "КАНА ЭМЕСЕ ЖИГИТТЕР" конкурсу болуп өттү ( кураторлор) 3-март Туу күнүнө жана

5-март Ак калпак күнү жана Кыргыз Республикасынын туу күнү шаардык масштабда болуп өттү. Ага МСКнын администрациясы жана Э-1-22 тайпасы катышышты.
7-март Эл аралык Аялдар майрамына карата шаардык масштабда болуп өткөн майрамга коллективден катышкан айымдар Мусаева Диляра Шанаевнага грамота, жана Камбарова Дамира белек менен сыйланышты.
7-март МСКда " КАНА ЭМСЕСЕ КЫЗДАР" конкурсу болдуп өттү. Жаш өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулукту, суицидди алдын алуу боюнча Майлуу-Суу колледжинде студенттер жана окутуучулар менен Майлуу-Суу шаарынын прокурору, Майлуу-Суу шаарынын социалдык өнүгүү башкармалы жана Майлуу-Суу шаарынын ички иштер бөлүмүдөрүнүн өкүлдөрү менен жолугушуусу болуп өттү.
10-март "Туберклез айыгат", "Гепатиттен сактануу" - деген темада ден-соолук борборунун кызматкери Каланова Замира Калбаевна студенттерге маалымат берди. Уюштуруучу Алимова Патмахан Кимсанбаевна болду.
21-март "Нооруз" майрамына карата шаарыбыздын маданият үйүндө өткөрүлгөн майрамдык кечеде МСКнын студенттери тарабынан бир бий даярдалып аткарылды. БАС-1-22 тайпасынын кыздары аткарышты.
7-апрель Элдик революция күнүнө карата уюштурулду кросско да студенттер активдүү катышты.
✓ 3-май. Калпак күнү күнүнө жана Туу күнүнө карата Майлуу-Суу шаарынын мэриясы тарабынан уюштурулган митингге колледждин студенттери катышып келишти.
5-май күнү КРнын Конституциясынын 30 жылдыгына карата тарых окутуучусу Эназарова Саананын жетекчилиги астынды конференция өткөрүлдү.
9-май Жеңиш күнүнө карата Майлуу-Суу шаарынын мэриясы тарабынан уюштурулган митингге колледждин студенттери катышып келишти.
13-май "Таза шаар, таза коом" – деген акцияга студенттерибиз катышышты.
10-июнь күнү Улуттук тазалык күнүнө карата ишембилик
16-июнь күнү МСКнын бүтүрүүчүлөрүнүн бүтүрүү аземи өткөрүлдү.

**Окуу - өндүрүштүк практикаларын өткөрүү боюнча отчет.**

Окуу процессинин графиги боюнча 2022-2023 окуу жылына бөлүнгөн бардык практикалар толук көлөмдө өткөрүлдү. "Башталгыч кластарды окутуу" адистигине: окуу, педагогигалык, мектептеги биринчи күндөр жана мамлекеттик, "Электр менен камсыздоо" адистигине окуу, ондуруштук, диплом астындагы, "БАС" адистигине окуу, өндүрүштүк, мамлекеттик, "Мунай жана газ кендерин иштеп чыгуу жана эксплуатациялоо" адистигинде окуу, ондуруштук, квалификация астындагы практикалар откорулуп, отулгон практикалар боюнча жаңы тапшырма, программа, күндөлүк түзүлдү. Ошондой эле практика журналдары, графиктери, күндөлүктөрү жана башка иш кагаздары окуу жылдын башында түзүлүп даярдалып график боюнча өз убагында таратылып турду.

Окуу жыл ичи бардык практикалар узгултуксуз ишканалар менен тузулгон келишимдердин негизинде өткөрүлдү. Практиканттар менен чогулуштар, тушундуруу иштери, маалымат беруу, дневник толтуруу боюнча жана тапшырмалар оз убагында берилип турду. Практика башчысы тарабынан практикаларга чыгаруу үчүн тапшырмаларды, отчетордун мазмунун, күндөлүктөрүн түзүп, студенттер, кураторлор, бөлүм башчысы менен биргеликте чогулуш откорулуп, протоколдор тузулду. Практика буткондон кийин отчетор текшерилип, окуу жайдын практика

отчетторун кабыл алуу комиссиясы кабыл алып баа коюлду, отчетторду практика жетекчилери МСКнын архивине тапшырууда.

Ишканалар арасында практикага студенттерди жөнөтүү жана практика өткөрүү боюнча 2021-жылдын апрель-май аайында 16 келишимди 5 жылдык мөнөткө практика жетекчиси түзүп келген. ААК "МСЛЗ" менен ар жылы жаны келишим түзөбүз. Жогоруда айтылган келишимдер ААК Жалал-Абад ПЭС, Соц.фонд, УСР, каскад Таш-Кымырский ГЭС, ГУ "Кадастр", УГНС, филиал ГП "МС предприятие теплоснабжения", Горжилзеленстрой, шаардык БББ, ААК Кыргызтелеком, Горводоканал, ЦОВП, Кыргызпочтасы, Газпром Кыргызстана менен түзүлгөн. Ошондой эле 2022-жылдын октябрь-декабрь айларында ААК "Кыргызнефтегаз", ГУ "КАДАСТР", Жалал-Абад ПЭС ишканалары менен жаны келишим беш жылдык моонотко тузулду. Шаардагы бардык банктар, кичи –менчик ишканалар менен Базар-Коргон, Ноокен, Аксы, Ала-Бука райБББ келишим ооз эки түрүндө сүйлөшүлгөн, практика өткөрүү боюнча кыйынчылык болбойт. Практика ичи откорулгон практикалар боюнча ар бир мекеме, ишкана менен биргеликте иш жүргүзүлүп жатты, иш берүүчүлөргө керектүү адистиктер боюнча өндүрүштук отурумдарына дистанттык жана офлайн режимде катышып жаттык. Ошондой эле арбир студент практиканы кандай өттү, тартиби кандай болду жана башка маселелер боюнча практиканын аягында иш канадан жана окуу жайдан дайындалган жетекчилер менен практика башчысы биргеликте практика өткүрүлгөн практиканттарга мүнөздөмө беришип, жыйынтыкташты.

2022-2023-окуу жыл ичи практика отууго 446 студент жонотулуп, алардын баары практика отту, 17 студент – 3,8% ар түрдүү себептер менен отчет тапшырганы келбей калды. Бирок практиканы отушту. Тайпалар арасында жетишкендиги – 96,2% , сапаты – 90,2% түздү. Практика отчетун тапшырбай калган студент боюнча администрация тарабынан чара колдонот.

Ар бир адистик боюнча практика башчысы Урустамова А.М. практика жетекчилери Курманбекова Г. Давлеталиев Т.А., Байгозу у С, Абдиев А.Т, Маматназаров Э.М, Чыбыкеев С.Р, Осунбеков С.С, Мырзасапарова Т.А, Батыркулов Р.Н. менен биргеликте жаңы программаларды түзүп, озгортуулорду киргизип директорго бекиттирди. Практика жетекчилери Давлеталиев Т.А, Маматназаров Э.М, Караева М.У., Батыркулов Р.Н, Чыбыкеев С.Р практикага жаны жетекчи болгондуктан аларды озунчо козомолго алынып, практика откоруу, программа тузуу боюнча тушундурмолор берилди. Ошондой эле практика жетекчилерине көңул бурулуп, усулдук жардам жана практика өткөрүү боюнча түшүндүрмөлөр берилди. Практика башчысы, практика жетекчилери менен биргеликте бир нече жолу райондорго жана Майлуу-Суудан сыртка кеткен практиканттарды групповой звонок, видеозвоноктор менен суйлошуп тушундуруу иштерин жургузушту. Шаардагы практиканттарды суббота кундору топтоп практикантар жана практика жетекчилер менен биргеликте жолугушууларды отркорушту жана ар бирин текшерип, маалымат берип турушту, отчет жазуу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турду.


Практика журналдары, ведомосттор практика жетекчилери тарабынан убагында толтурулду, студенттердин практика боюнча оригинал отчеттору акт аркылуу архивке тапшырылып жатат.

Бардык бүтүрүүчүлөр боюнча практика башчысы тарабынан жумушка орношуу боюнча ЖАМУга конференцияга катыштык, иш беруучулор менен тегерек стол уюштурулду жана бутуруучулор менен иш беруучулордун жолугушуусу откорулуп протокол тузулду. Былтыркы бутуруучулордун жумушка орношуу боюнча анализ жургузулду, процентери чыгарылып жыйынтыгы директорго тапшырылды. Бюджеттин негизинде БКМ адистигин окуп буткон бутуруучулор боюнча жумушка орношуу иштери аяктап, жолдоморор тузулуп министирликке жонотулду.


ЖАМУдан берилген тапшырмалар боюнча бардык жумуштар графиктин негизинде жургузулуп оз убагында тапшырылды.

Экинчи курстун бардык адистиктери боюнча окуган студенттер Майлуу-Суу лампа заводуна экскурсияга барышты. "электр менен камсыздоо" адистигинин учунчу курсунун студенттери подстацияларга жана ОШ ТЭЦке барышты.










REDMI NOTE 7
48MP DUAL CAMERA


REDMI NOTE 7
AI DUAL CAMERA



REDMI NOTE 7
AI DUAL CAMERA



REDMI NOTE 7
AI DUAL CAMERA


REDMI NOTE 7
AI DUAL CAMERA










**Административдик-чарбаиштери**

2022-2023 окуу жылында чарбалык бөлүм боюнча бардык иштер окуу жылынын башталышында бекитилген иш-чаралардын планына ылайык жургузулду. Негизги иш окуу корпустарын жана жатакананы жаңы окуу жылына даярдоо боюнча бардык иштерди бүткөрүп,жаңы окуу жыл ийгиликтүү башталды. МОП кызматкерлери дайыма күнүмдүк иши үчүн инвентарь алышат.Келишимге ылайык, катуу таштандыларды экспорттоо ай сайын жүргүзүлүп турат. Кыш мезгилине даярдык жүрүп,окуу имараттарында тиешелүү иштер жүргүзүлдү. Отчеттук мезгилде шаардык суу чарба ишканасынын кызматкерлери менен №2 окуу корпустарындагы, башкы корпустагы канализация бир нече жолу оңдолгон. Маалым болгондой Майлуу-Суу шаарында өзгөчө кырдаал жарыяланып, быйыл кыш катаал болду, негизги имаратта жылытуу жок, суу жок, биз дагы бир нече күн авариялык абалды сездик, көбүнчө жатаканада сездик, аристон тоңуп калды, суу түтүктөрү иштен чыкты, кол жуугучтар иштебей калды. Толук жаңылары менен алмаштырылды. Студенттик ашканага суюлтулган газ сатып алабыз, электр плиталары иштейт. Бөлмөлөрдөгү бардык жылыткычтар кургак учук жана өндүрүштүк санитариянын талаптарына жооп берет. Жатаканада электр энергиясын үнөмдөө максатында бардык электр лампалары электроддук лампаларга алмаштырылган, көп класстарда электр энергиясын үнөмдөөчү лампалар менен алмаштырылган. Биз дайыма шаардык ишембиликтерге катышабыз, ай сайын РЭСке маалыматтарды өткөрүп

турабыз. «Октябрь» кинотеатрынын жанындагы № 29 магазинди АБР тарабынан ишке киришуу учун бардык зарыл документтерди даярдап койдук, алар жакын арада ишке киришет.Башкы окуу корпусунун сырткы фасады капиталдык оңдоодон өткөрүлдү. Кыштатууну ийгиликтуу өткөруу учун бардык мугалимдердин класстарына заводдон жасалган жылыткычтар берилди.Жатакана үчүн кээ бир үй чарбалык буюмдары сатылып алынган. Пардалар, карниздер, 5 литрлик электр чайнек, вестибюльга башкы корпуста телевизор сатылып алынган. Китепкананын экинчи корпусунда оңдоо иштери жүргүзүлүп, шаардык спорт залдын имаратында келишим боюнча оңдоо иштери жүргүзүлүп, окуучуларыбыз буюмдарын таштап кетишет. Арыздарга ылайык канцелярдык жана чарбалык буюмдардын баарын мугалимдерге жана кызматчыларга таратып беребиз.

Электр жана суу системаларын тынымсыз алмаштырып турабыз. Бухгалтерияда, жатаканада пардалар, карниздер алмаштырылды. Дене тарбия үчүн спорттук жабдууларды дайыма сатып алабыз. Окуу корпустарына жана жатаканага 4 даана акылдуу эсептегичтер орнотулду. Окуу бөлүмүнүн каанасында капиталдык оңдоо иштери жүргүзүлдү. Окуу корпустарында жана жатаканада учурдагы ремонт иштери тынымсыз жургузулуп жатат.Бүгүнкү күндө бардык керектүү үй чарбалык буюмдары сатылып алынды. Студенттердин жатаканасы жаңы окуу жылына толук даяр болду. Биздин студенттер «Биз таза шаар үчүн!» акциясына активдүү катышты. Горняцкая көчөсүндөгү жыгач үйүнүн фасадынын учурдагы оңдоо иштери жүргүзүлдү. «Абитуриент-23» кабыл алуу комиссиясынын иши үчүн зарыл болгон бардык канцелярдык буюмдар берилди.

Бүгүнкү күндө шаардык кызматтарга эч кандай карызыбыз жок. Бүгүнкү күндө окуу ж.б кааналардын баарысында оңдоо-тузөө иштери аягына чыгууда 2023-жылдын август айында офистик жайларды жаңы окуу жылына даярдоо болуп, ал эми негизги жумуш №2 окуу корпусунун сырткы фасадын капиталдык оңдоо болот, ошондой эле АӨБ линиясы аркылуу бул оңдоо иштери № 29 дүкөндүн пайдубалынан чатырына чейин капиталдык ремонт болуп, окуу бөлмөлөргө жана кичи спорт залга айландырылат. Ошондой эле башка көптөгөн иштер алдыда турат.

**VI . Жыйынтык**

2022-2023-окуу жылында негизинен пландаштырылган иш-чаралар өз кезеги менен аткарылды. Кышкы жана жайкы сессиялар ийгиликтүү аяктап студенттер каникулга чыгышты. Алдыңкы көрсөткүчтөрдү көрсөткөн тайпалардын кураторлору, администрация тарабынан материалдык сыйлыктарга ээ болушту.

| № | Артыкчылыгы | Кемчиликтер | Мүмкүнчүлүктөрү |
|---|---|---|---|
| 1 | Окутуучулардын эркин иш аракеттери,студенттер менен ар-түрдүү иш-чараларды активдүү жүргүзүшү | Окуу – усулдук эмгектерди электрондоштуруу начар,окуу курал,илимий макала даярдоого кызыгуу солгун,стимул жок,колдоо жок.Талапкерлерди тартуу үчүн жарнактардын жетишсиздиги. | Кызыгып, даяр эмгектер менен таанышууга,эмгектерди даярдоого,электрондук библиотекаларды түзүүгө мүмкүнчүлүктөр бар,бирок кызыгуу жок. |
| 2 | Маалыматтар учурунда жеткирилет. Э-БИЛИМ | Басмадан материал чыгарууга каражат каралбайт,жетишсиз. | Иштиктүү пикирлерин ортого салууга,аларды аткарууга; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | программасынын киргизилиши. | | |
| 3 | Өкмөттүн тиешелүү тапшырмаларын аткарууга аракет күчтүү | Жетекчиликтин үлгүлүү жеке аракеттери ар түрдүү | Жеке чыгармачылыкты ар тараптан өркүндөтүүгө мүмкүн. |

**Сунуш:** Окуу жайдын аброюн жогорулатуу жана студенттерге терең тарбия берүүнү алдыңкы максат катары коюп, жогорудагы артыкчылыктарды, убакытты туура бөлүштүрүү менен, кемчиликтерди жоюу, мүмкүнчүлүктөрдү максималдуу пайдалануу менен бири – бирибиздин келечектүү жөндөмдөрүбүздү колдонуп, окуу, тарбия, илимий-усулдук иштерди жүргүзсөк болот. Ал үчүн окутуучуларды жана студенттерди мүмкүнчүлүктү туура пайдаланып, окуу-илимий-усулдук эмгектер менен алектенүүгө туура жол көрсөтүп, алдыга умтулууга үгүттөө. Окуу жайда билим деңгээлди жогорулатуу үчүн жаңы технология жана жаңы усулдук программалар менен камсыздоо.

**Директор** **С.С.Осунбеков**